УДК 82.08.081

С.Ж. КАРАБАЕВА, С.Ө. ИСКАКОВА
E.mail. ksucta@elcat.kg

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ МЕЙКИНДИКТЕР КАТЫШЫН КӨРСӨТҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Макалада кыргыз тилидеги мейкиндик катышын билдирүүчү туюнтманы каралат.*

*В этой статье рассмотривается выражение пространственного отношения на кыргызском языке.*

*In this article cconsidered the expression of spatial relations in the Kyrgyz language.*

XXI кылым, бүтүндөй коомду информатизациялоо кылымында «ааламды түзүүчүлөрдүн негизи болуп «атомдор»: зат, энергия жана маалымат» саналаары, башкача айтканда «информатика менен тил илимдеринин бирдигинде» постсинергетикалык дүйнө сүрөтүн берээри анык.

Лингвистика илими башка илимдер сыяктуу эле маалыматтар чөйрөсүнө окшош, адамдын ой жүгүртүүсүнүн инфроструктурасын окуп үйрөнүүгө карата багытталууда. Маалыматтар адамга ар түрдүү каналдар аркылуу түшүп турат: мисалы, сигнал, чийме, текст, ж.б. жүзүндө. Билим бул адамдын аң сезиминде аныкталган өзүнчө бир структура (өзүнүн объектиси) түрүндө топтолот, бирок тил аркылуу ошол структураны объективдүү анализдөөгө мүмкүндүк берет.

Азыркы тил илиминде изилдөөчүлөрү баарыдан мурда бизди курчап турган дүйнө тууралуу окуп үйрөнүүнүн натыйжасы катары, тилдик бирдиктин маанисин сыпаттоого көңүл бурушууда, анткени ар кандай лингвистика илимдери мына ушундай көйгөйлөрдү ар башка көз караште чечүүгө киришүүдө, бирок алардын бардыгы, тилдик бирдиктердин артында билимдин кээ бир түзүлүшү тураарын, ал эми тилдик бирдиктердин өзү терээң ойлонуу процесстин натыйжасынын негизинде түшүндүрүүгө болоорун айтып келишүүдө. Мына ошондой тилчилердин көйгөйлүү маселелеринин бири болуп, тилдик каражаттар менен ошол багытта белгилөө ыкмасы менен тилли окуп үйрөнүү, ошондой эле ошол тилдик каражаттар аркылуу түшүндүрүү, мейкиндиктер катышынын берилиш (аймагынын) өзгөчөлүгүн аныктоо абзел, себеби сөздүн өзүндө жана анын оозеки айтымынды, адам акылына таанымдык (когнитивдик) күчтүн натыйжасында бекемделип берилери анык.

Табигый тилде ой жүгүртүүнү иштетүү системасында, лингвистикалык ресурстарды иштетүү бирден бир негизги маселелерден болуп саналат. Лингвистикалык ресурстар, табыгый тилдин парадигмалык жана формалдык моделин, ошондой эле ошол моделди иштетүүдөгү атайын лингвистикалык процессорду, ар түрдүү концептуалдык маалыматтарды кармаган берилиштердин базасын өзүнө камтыйт. Мында өзгөчө орунду, семантикада чагылдырылуучу өзгөчө маанилүү мейкиндик мүнөздөгүчтөрү, башкача айтканда орун объекттер, ориентациялоонун багыты жана кыймылы, ж.б.у.с. тилдик бирдиктер ээлейт. Бизди курчап турган дүйнөнүн ар түрдүү кубулуштарын жана процесстерин чагылдыруучу, табигый тилде мейкиндиктер катышын көрсөтүүчү жетишээрлик көптөгөн ыкмалар жашайт: морфологиялык ыкма (сөз жасоочу аффикстер же сөз өзгөртүүчүлөрдү (жөндөмөлөрдү) кошуу), жана синтаксистикалык ыкма (аффикстер / жандоочтор, сөздүн катарын өзгөртүү, инкорпорациялоо) жана лексикалык ыкма (тактоочтук лексеманы колдонуу: жакын, алыс, өтө алыс, өйдө, төмөн ж.б.).

## 1.Тилдик моделдер

Тилди моделдөөсүз жана ага колдонулуучу методдордун системасын иштеп чыгуусуз автоматташтыруу мүмкүн эмес.

Модель бул жалпы мааниде алганда, маалыматтарды алуу, иштетүү, сактоо максатында түзүлгөн (материалдык системаны же белгилөө каражатын көрсөтүүдө акыл ойдогу образ) субъект аркылуу чечилүүчү маңыздуу маселелер үчүн чыныгы жаратылыштагы объект-оргиналдын байланышын жана касиетин мүнөздөп чагылдырууну өзүнө камтуучу өзгөчө объект болуп саналат.

Илимдин бардык тармактарына, маданият жана техникага мүнөздүү, моделдердин теориянын негизин, бул көптүктөр теориясы жана алгебралык катыш, так эмес көптүктөрдүн теориясы, ыктымалдуулуктар теориясы, математикалык статистика, жана ошондой эле информация теориясынын элементтери түзөт. Мисалы, математикалык лингвистиканын чегинде тилдин биринчи формалдуу моделдери пайда болгондо, аларды түзүү системасынын абалдарынын көптүгү кайсы бир белгилүү ыкма менен берилген, ал эми абалдын көптүгүн берүүдө башка ыкмалар да колдонулуп алардын эквиваленттүүлүгү негиздүү божомолдоодон башталган. Эрежелердин көптүгү абалдардын көптүгү менен теңделип, белгилүү моделдин шартталышы прогноздолгон.

Концептуалдык функционалдык лингвистикалык моделдер, табигый тилдик тексттерди иштетүү системасын түзүүдө, алардын грамматикалык жана тилдик деңгээдин бирдигин толук сүрөттөөчү, жөнөкөй база катары колдонулуучу универсалдык модел болуп саналат.

Табигый тилди интеллектуалдык жактан иштер чыгууда, жакшы түзүлгөн жана эффективдүү колдонууга мүмкүн болгон, тилдин (сөздүн) семантикалык, синтаксистик жана морфологиялык мүнөздөмөсү, ошондой эле кеңири маалыматтар менен камсыздоо талап кылынат. Мындай максат, робототехникада, тексттик корпустардан, электрондук сөздүктөрдөн, тексттик маалыматтар базасы менен байланышкан лексикалык маалыматтарды алууга жеңилдиктерди берет.

<u>1-гипотеза</u>. Модель бул жаңы идеянын жана теорияны түзүүнүн негизги булагы катары саналыш керек.

<u>2-гипотеза</u>. Тилдик бирдиктин минималдуу маанисин берүүчү аффиксалык морфемдер, сөз формасын жасоодо жок жегенде бир мааниге ээ болот.

Лингвистикалык моделдерди төмөндөгүдөй классификацияга бөлсөк болот:

Когнитивдик модель, адамдын аң сезиминдеги концептуалдуу системанын түзүлүшү жана ойлонуу механизимин сүрөттөп чагылдыруу башкача айтканда бир моделдин ичине, ошондой эле ар түрдүү моделдер арасында ошол контексти мааниси менен сактоо жана аны трансформациялоону (мисалы, машиналык которуу , маалыматтарды издөө системаларында) камсыздайт;

Диалогдук суроо-жооп же интерактивдик модель, системанын суроосуна колдонуучулардын жообу же системанын талабын, колдонуучулар менен автоматтык системаны табигый тилдик диалог менен камсыздайт. Мындай моделдердин кызматына, табыгый тилди синтездөө жана анализдөөдөн тышкары, колдонуучунун жообуна жараша жана/же талабына так жооп берүүсү кирет.

1) Концептуалдуу формалдык модель, белгилүү бир тилдик деңгээлдердин формалдык эрежесине ылайык тексти максаттуу иштетүүнү камсыздайт;

2) Концептуалдуу функционалдык модель, белгилүү бир табигый тилдик деңгээлдерди сүрөттөп берүүчү болуп саналат, башкача айтканда тилдик бирдиктерди жана анын грамматикасын толугу менен сүрөттөп берүүчү лингвстикалык модель болуп саналат.

2.Мейкиндиктер катышы

3) Бизди курчап турган дүйнөнүн ар түрдүү кубулуштарын жана процесстерин чагылдыруучу, табигый тилде мейкиндиктер катышын көрсөтүүчү жетишээрлик көптөгөн ыкмалар жашайт: морфологиялык ыкма (сөз жасоочу аффикстер же сөз өзгөртүүчүлөрдү (жөндөмөлөрдү) кошуу), жана синтаксистикалык ыкма (аффикстер /

жандоочтор, сөздүн катарын өзгөртүү, инкорпорациялоо) жана лексикалык ыкма (тактоочтук лексеманы колдонуу: жакын, алыс, өтө алыс, өйдө, төмөн ж.б.).

Кыргыз тили агглютинативтик типтеги тилдер сыяктуу эле, составы боюнча бай морфологияга ээ, тутуму боюнча татаал, бирок түзүлүшү боюнча мыйзам ченемдүү жана жөнөкөй, ошону менен бирге кыргыз тилинин аффиксалдык морфемаларынын моделдеринин мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүү өтө кызыктуу.

Чет мамлекеттерде жана биздин республикабызда аффикстер маселесине байланыштуу көптөгөн изилдөөлөр, билдирүүлөр жарыяланып келген жана азыркы кезде дале лингвистикалык изилдөөлөр дагы эле актуалдуу бойдон калууда, так ошондой эле табигый тилде, аффикстер системасында жай бирок терээң семантикалык кайра өзгөрүү процесстери, жаңы тилдик элементтер менен аффикстердин классын толуктоо, аффикстердин семантикалык функцияларын кайрадан бөлүштүрүү иштери жүрүүдө. Аффикстердин мейкиндиктер мaaнисине кененирээк токтолсок, алардын көп түрдүү. Биринчиден, аффикстер кыймыл аракет багыттарын көрсөтөт (*үйгө кирүү – үйдөн чыгуу*: *үйгө келүү – үйдөн кетүү*); экинчиден объекттин турган ордун (жерин) көрсөтөт (*шаарда, айылда, тоонун астында жашайт;*); үчүнчүдөн кандайдыр бир мейкиндике карата кыймылдын тарашы (мисалы: *жолдо машиналардын коллоннасы жылды*) көрсөтүлөт





Рис.1. Мейкиндиктер катышынын түзүлүш модели

Мейкиндиктер катышына мисал келтирсек: *токойдогу жыгач* / *дерево, которое в лесу*. *жыгач* / *дерево* – объект, *токой* / *лес* – орентир.

Объект өз учурунда маалыматтык жана абстрактык болуп экиге бөлүнөт.

- маалыматтык объект – *отургыч, адам, китеп, ж.б.*;
- абстрактык объект – *маалымат, уят, эрк, жаш, аралык, ж.б.*

Объект – аракетке же абалга багытталат:

1) таасир берүүчү объект – *жамгыр көңүлдү бузду / дождь испортил настроение*;
2) активдүү таасир этүүчү объект же контрагент - *биз чагылгандан жашындык* / *мы спрятались от грозы*;
3) бирге аракеттенүүчү объект – *отунду атам менен арааладык* / *дрова пилили вместе с отцом*;
4) орун объект – *айылда жашайт* / *живет в деревне*;
5) катарлаш объект – *ат менен бирге койлор качты* / *вместе с лощадью убежали и овцы*;
6) аткаруучу катары объект – *ал тегирменчи болуп суйлөдү* / *он выспупал в качестве мельницы*;
7) аткаруучу-объект – *бир тууганын үй иштерин аткарууга мажбурлады* / *заставил брата делать домашние дела*.

Субъект – предметке болгон көз караш, бул эмне жөнүндө айтылууда – *мен күлөм* / *я смеюсь*.

Предикат –катыш, байланыш (аракет же абал).

1) аракет предикаты;
2) кыймыл предикаты;
3) сезүү, кабылдоо предикаты;
4) кептик предикат;
5) абал предикаты;

6) болжолдоо предикаты;
7) квалификация предикаты;
8) материалдык предикат.

Аныктама. Мейкиндиктер катышынын көптүгү белгилүү бир эреже боюнча семантикалык желеге бириге т. Бул желенин базистик бирдиги же түйүнү (чокусу) болуп түшүнүк саналат.

***Мейкиндиктер катыштын графикалык сүрөттөлүшүнүн бинардык катышын карасак:***

X → relation (катыш) → Y (*X жана У өз ара катыш абалында*)

Отургуч (стул) be_on үстөл (стол)

be_on (жанында) катышы: Отургуч үстөлдүн жанында (стул находится возле столе).

Үч орундуу предикат:

X → relation (катыш) → Y
↓
Z

*Кызыл түстөгү алма.*

алма → quality → түс
↓
кызыл

Мында quality – сын-сыпат катышын белгилейт.

Төрт орундук предикат:

W
↓
X → relation (катыш) → Y
↓
Z

*Мен үйдөн токойго барам* (*я иду из дома в лес*)

үй
↓
Мен → active_Local → баруу
↓
токой

Мейкиндиктер катышы, формасынын берилиши жана анын кошумча мааниси боюнча айырмаланып турат. Баарыдан мурда аларды орду жана багыты боюнча эки топко бөлүп карасак болот. Биринчисине, кайда? кайсы орунда?; экинчиси – каяка? каяктан? кайсы орундан? кайсы орунга чейин? деген суроолор жооп берет.

Ар бир тил, дүйнөнүн түзүлүшүн жана өзүнүн белгилүү бир кабыл алуу ыкмасын чагылдырат. Ошондуктан, ар бир тил, «билимди өнүктүрүү ыкмасы, дүйнө таануу катары», жана ошондой эле «тил, илим жана билим системасына өзүнүн өзгөчө изин калтырат». Тилдик денгээлдердин катышы ар түрдүү тилдерде бирдей болбойт. Ар бир тил, өзүнүн грамматикалык түзүлүш өзгөчөлүктөрүнө жараша, өзүнүн өзүнчө ордун семантикалык мейкиндиктер катышында көрсөтөт.

Кыргыз тилинде, сөздүн түзүлүшүнө жараша, аффиксалдык морфемалар ар түрдүү интертретацияга ээ болуп, аныктап айтканда бирдей эмес контексттерди үстүртөдөн жазуу үчүн колдонулат, демек ар түрдүү мааниге ээ деп белгилеп кетсек болот.

Тил, тилдик категориялар дагы мейкиндиктер катышында, айрым тилдик кубулуштардын өз ара аракетин моделдештирүү жолу менен жана абстрактуу формалар, сандык жана алардын сапатка өтүү жагдайы менен жазып чыгууга болот.

**Адабияттардын тизмеси**

1.Панков П.С., Баячорова Б.Ж., Жураев М., Кыргыз тилин компьютерде чагылдыруу (2010), Бишкек.

2.Karabaeva C.J., Dolmatova P., Mathematical and computer models of spatial relations in kyrgyz language. Bishkek: Kyrgyz Mathematical Society.